КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ 02-12/430 «17» 04 2021

Сизд.чыг. (На) №________ «____» ________20__

**Баткен облусунун
Лейлек районун
Кулунду айылынын
шайлоочуларына**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) Сиздердин арызыңызды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары–Мыйзам) 10-беренесине ылайык, *Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча шайлоо округдарынын схемасын чек араларын карайт жана бекитет. Тиешелүү аймакта катталган шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтардын негизинде көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлөт.*

Мыйзамдын 12-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, *мамлекеттик порталда жайгаштырылган жана ар бир шайлоо участогу боюнча түзүлгөн алдын ала тизме Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан басып чыгарылат жана добуш берүү күнүнө чейин 55 календардык күн калганда участоктук шайлоо комиссиясына берилет.*

Мыйзамдын 10-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, *жергиликтүү кеңештердин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен, ушул Мыйзам менен белгиленген жоболорду эске алуу менен добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгат жана аларды бекитүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына киргизет.*

*Шайлоо округдарын түзүүдө шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен 10 пайыздан ашпаган, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 15 пайыздан ашпаган жол берилген орточо ченеминен четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлиги сакталууга тийиш.*

Лейлек аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо округдарын түзүүдө 2021-жылдын 17-февралындагы алдын ала шайлоочулардын тизмесин жетекчиликке алган.

Көрсөтүлгөн мыйзамдын талаптарынын негизинде Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын сунушунун негизинде БШКнын 2021-жылдын 19-февралында № 46 токтому менен 31 мандаттуу (ар бир мандатка 449,5 шайлоочунун санынын квотасы боюнча) Лейлек районунун Кулунду айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоодо төмөнкү 7 шайлоо округдары түзүлүп, бекитилген.

– 6 мандаттуу №1 «Интернационал» шайлоо округунда (УШК №№8011,8206,8207) шайлоочулардын саны – 2903 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – минус 7,7 пайыз;

– 5 мандаттуу №2 «Кулунду-Чыгыш» шайлоо округунда (УШК №8012) шайлоочулардын саны – 2213 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – минус 1,5 пайыз;

– 4 мандаттуу №3 «Кулунду-Батыш» шайлоо округунда (УШК №8013) шайлоочулардын саны – 1655 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – минус 7,9 пайыз;

– 5 мандаттуу №4 «Раззаков» шайлоо округунда (УШК №8014) шайлоочулардын саны – 2105 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – минус 6,3 пайыз,

– 5 мандаттуу №5 «Ак-Арык» шайлоо округунда (УШК №8015) шайлоочулардын саны – 2297 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – 2,2 пайыз,

– 2 мандаттуу №6 «Булак-Башы» шайлоо округунда (УШК №8016) шайлоочулардын саны – 829 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – минус 7,7 пайыз,

– 4 мандаттуу №7 «Кулунду-Борбордук» шайлоо округунда (УШК №8205) шайлоочулардын саны – 1933 түзүп, шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми – 4,3 пайыз болгон.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, БШК Сиздин өтүнүчүңүздөгү маселени карап чыгып, Сиз тараптан сунушталган мандаттардын санын шайлоочулардын акыркы тизмеси менен кайра бөлүштүрүүгө Мыйзамдардын талаптарына ылайык келбегенин билдирет.

**Урматтоо менен,**

**Төраганын орун басары** **А. Бекматов**

Атк.: Берикбаева К.К. 660118